### 15-февраль - операциялык медайымдардын күнү

# Кесибиңди сүйсөң, оорчулугу билинбейт



***Ооруканаларда операция бөлмөсүнүн медайымы деген өзгөчө маанилүү кесип бар. Айрымдар аны бар болгону хирургдун жанына туруп алып, аспаптарды алып берген адам деп ойлошот. Бирок, чынында бул жоопкерчиликтүү иш, анткени ал бүт операция учурунда дарыгердин негизги жардамчысы болуп саналат. Бейтаптардын айыгып кетүүсү, ал тургай, тагдыры да көбүнчө операция жасаган адистердин эрежелерди билүүсүнөн жана практикалык көндүмдөрүнөн көз каранды. Бул кесипте туш келген эле адам иштей бербейт. Ак-Талаа районундагы оорукананын хирургия бөлүмүндө операциялык медайым болуп 30 жылдан бери эмгектенип келаткан Замира Токоева кесиби тууралуу айтып берди.***

– Медициналык окуу жайды бүткөн соң, диплом алып, ишке орноштконумда абдан кубанып, толкундангам. Биздин жумуш абдан жооптуу. Операция учурунда керектелүүчү аспаптарды жана пайдаланылуучу аппараттарды камсыз кылып турам, хирургга жардам берем, кээде ассистент болууга да туура келет. Негизи бул кесипте иштеген медайымдар эмоционалдык жана психикалык жактан туруктуу, сабырдуу, күчтүү, сезгич-баамчыл болушу керек. Операция учурунда ар кандай болуп кетиши мүмкүн, андыктан, тез чечим кабыл ала билүү маанилүү. Күтүүсүз кырдаалда дүрбөлөңгө түшпөй, хирургдун көрсөтмөлөрүн так аткаруу, анын оюн окуй билүү, ар бир көз карашын жана жаңсоосун түшүнүү – медайымдын эң негизги артыкчылыгы. Ошондой эле, ар бир инструменттин, аппараттардын аталышын так, туура жана операция жолдорун, этаптарын билүүсү керек. 30 жылдык тажрыйбамда көп эле окуялар болду. Операция алдында бейтаптын үмүттүү көз карашы, кандын жыты, кээде 6-7саат тынбай турган убактар, катар-катар операциялар, айтор, бир күн оор болсо, экинчи күнү бейтаптын ыраазычылыгын угуп, кошо сүйүнөбүз. Биз үчүн эң маанилүүсү – бейтаптын сакайып кетиши. Бир жолу көк бөрү оюну учурунда кокустук болуп, аттан тайказанга кулап түшкөн жигитти алып келишти. Боору жарылып кеткендиктен, операция көп убакытка созулду. Натыйжада ийгиликтүү болуп, жигит аман-эсен үйүнө чыгып кетти. Ата-энеси абдан сүйүнүп, ыраазычылык айтышты. Кесибиңди сүйсөң, анын оорчулугу билинбейт.

Эске салсак, 15-февраль операциялык медайымдардын күнү 2009-жылдан бери белгиленип келет.

**Гүлбарчын МАМЫТБЕКОВА,**
**Ак-Талаа району.**

## ЖАРЫЯ

Ак-Кудук айыл өкмөтүндөгү «Кытай-Арык» участкасынан КБФнын бош жер аянттары аукционго коюлат.

Өткөрүү орду: Ак-Кудук айыл өкмөтүнүн кеңсеси

Өткөрүү күнү: 28-29-март

Өткөрүү убактысы: саат 10:00

Арыздарды жана документтерди жер комиссиясына **2023-жылдын 16-мартынан 22-мартына чейин жуманын иш күндөрү саат 9:00-17:00гө чейин** берүү керек.

**Аукционго төмөнкү документтер тапшырылат:**
- Инсандыгын, кимдигин тастыктоочу документ
- Аукционго катышууга арыз
- Кепилдик төлөмдүн көчүрмөсү

**Байланыш телефондору: (0502) 90 66 77, (0707) 37 47 37.**

**Кочкор районундагы**
**Ак-Кыя айылдык аймагынын айыл өкмөтү**

## АУКЦИОН ЖАРЫЯЛАЙТ

Ак-Кыя айыл өкмөтүнүн “Тогуз-Булак” участкасында ачылып жаткан 9,20 га муниципиалдык жерге мал базар салууга аукцион өткөрүлөт.

Арыздар **2023-жылдын 23-февралынан 26-мартына чейин, саат 12.00гө чейин** кабыл алынат.

Аукцион **2023-жылдын 26-мартында саат 14.00дө Кара-Суу айылындагы административдик кеңседе** өткөрүлөт.

Кошумча маалымат алууну каалагандар: (0709) 630516 телефон номуру аркылуу байланышыңыздар.

Айтиева Мээрим Дуйшекеевнанын наамына 18-декабрь 2006-жылы берилген ИНН 12210198000321, код ОКПО 24352117 ишкерлик тууралуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Улуттук банк маалымдайт

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын коллекциялык монеталары

***Борбор Азияда эң туруктуу валюталардын сап башында турган биздин сомубуздун жүгүртүүгө киргенине быйыл 30 жыл болду. Улуттук валютабыз 30 жыл ичинде, кыргыз элинин тарыхын жана маданиятын даңазалаган банкноттор менен гана толукталбастан, алтын, күмүш жана жез-никель нумизматикалык эстелик монеталары менен да толукталды. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан чыгарылган эстелик монеталар көбүнчө коллекционер-нумизматтарга, туристтерге кызыгуу жаратып, биздин эң кооз, ажайып өлкөбүз тууралуу эстелик катары сатып алынып турат. Эстелик монеталардын өзгөчөлүгү жана баалуулугу тууралуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Нарын облаcттык башкармалыгынын башкы адиси Эсеналиева Айгүл Өмүшовна маалымат берди.***


### НУМИЗМАТИКА РЫНОГУНУН ТҮПТӨЛҮШҮ

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын алгачкы нумизматикалык эстелик монеталары 1995-жылы чыгарылып, Кыргызстандын нумизматика рыногунун түптөлүшүнө жол салган. Республикада нумизматика рыногу белгилүү бир өнүгүү баскычынан өтүп, өлкө чегинен тышкары чыгуу менен өнүгө баштады. Улуттук банк бир жагынан нумизматикалык монеталарды даярдап чыгарат, экинчи жагынан аны сатууну жүзөгө ашырат. Бүгүнкү күндө, Кыргызстанда эстелик монеталары рыногун өнүктүрүүдө Улуттук банк сыяктуу эле, аларды сатып алуучулар да чечүүчү ролду ойнойт. Жалпысынан бүгүнкү күнгө чейин алтын, күмүш, жез-никель монеталарынын 88 түрү чыгарылган. Биринчилерден болуп 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесине арналып алтын жана күмүш юбилейлик монеталары чыгарылган. Андан сырткары: «Тарыхый окуялар», «Кыргыз мамлекеттүүлүгү», «Кыргыз каганатынын доору», «Эл аралык тоолор жылы», «Кыргызстан Улуу Жибек жолунда», «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары», «Кыргызстандын тарыхый жана архитектуралык эстеликтери», «Улуттук спорт жана элдик оюндардын түрлөрү», «Улуттук музыкалык аспаптар», «Кыргызстандын Кызыл китеби» серияларына арналган монеталар чыгарылган.



### ЭЛ АРАЛЫК СЫЙЛЫКТАР

Кыргызстандын коллекциялык монеталары эл аралык мелдештерге катышып сыйлыктарга ээ болуп келүүдө. Айтсак, «Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары» сериясындагы монеталар Санкт-Петербург шаарында өткөн «Монеталар даражасы - 2010» эл аралык эстелик монеталарынын төртүнчү сынагынын алкагында «БИБЛИО-ГЛОБУС» соода үйү тарабынан ардак грамотага ээ болгон. Ал эми «Улуу Жибек Жолу» монетасы 2013-жылы өткөн Берлин шаарындагы «Krause Publications» басылмасы тарабынан «Бир кыйла тарыхый мааниге ээ монета» номинациясы боюнча уюштурулган «Жылдын монетасы» сынагынын жеңүүчүсү болуп таанылган. «Саймалуу-Таш» коллекциялык күмүш монетасы Москва шаарында өткөн «Монеталар даражасы 2014» сынагында «Жылдын күмүш монетасы» номинациясында үчүнчү орунга татыктуу болгон. Ал эми Улуттук банк тарабынан соңку учурда чыгарылган «Өмүр сакчыларына таазим!» аттуу коллекциялык монетасы «Монеталар топ жылдызы - 2022» эл аралык сынактын «Жылдын монетасы» номинациясында үчүнчү байгелүү орунду багындырган.




### МОНЕТАЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Алтын жана күмүш монеталар коллекциялык жогорку «пруф» («proof») сапатына ээ жана алар алтын жалатуу, голограмма, тампондук мөөр басуу, кычкылдануу, ар түрдүү таштарды чөгөрүү (асыл таш, Сваровски кристаллы) сыяктуу заманбап технологияларды пайдалануу менен даярдалат.

Коллекциялык монеталар ошондой эле, кыргыз элинин маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналган, өлкөбүздө болуп өткөн тарыхый окуяларды, маданият жана спорт жаатында жетишкендиктерди, улуттук үрп-адаттарды жана оюндарды кайра жандандыруу, Кыргызстанда жок болуп бара жаткан өсүмдүктөрдүн жана жан-жаныбарлардын түрлөрүн жайылтуу максатын көздөйт.

Монеталар коллекциясын топтоодо аларды талапка ылайык шарттарда сактоо зарыл. Башкача айтканда, монеталар аба, нымдуулук, жылуулуктун таасиринен өз нумизматикалык баалуулугун жоготушу мүмкүн. Монеталарды зыянга учуратпоо үчүн аларды акрил капсуласында сактап, абалын алгачкы чыгарылган түрдө сактап калууга болот. Монеталарды капталынан гана кармоо зарыл. Монета бир аз гана чийилип же ага манжанын изи түшүп калса ал өз нумизматикалык баалуулугун жоготот. Ушул себептерден, Улуттук банк монетаны акрил капсулада сактоону жана аны капсуладан чыгарып албоону сунуштайт.

### МОНЕТАЛАРДЫН НАРКЫ

Монеталардын сатыкка коюлган наркы анын өздүк наркына дээрлик туура келет. Анткени Улуттук банк монетаны сатуудан пайда табуу максатын көздөбөйт. Монеталар канчалык аз чыгарылса, наркы ошончолук жогору болот. Аларды Улуттук банктын кассасынан белгиленген баада сатып алууга болот. Улуттук банк коллекциялык монеталарды сатууну токтотору менен алардын наркы өсө баштайт. Нускасы түгөнгөн монеталарды Улуттук банк кайрадан жасап чыгарбайт жана жүгүртүүдөн сатып албайт. Монеталардын наркы кийинчерээк нумизматикалык рынокто аныкталат, көбүнчө бул нумизматтардын тандоосуна жараша болот. Кыргызстандын коллекциялык монеталарына болгон кызыгуу жыл сайын артып келүүдө. Бүгүнкү күндө аларды нумизматиканы кызыктуу хобби катары көргөн кесипкөй-коллекционерлер гана сатып албастан, жөнөкөй жарандардын да кызыгуусу артып инвестиция жана белек катары сатып алууда. Айрымдар үчүн бул монеталар сыйлуу белек болсо, дагы бирөөлөр үчүн нумизматикалык баалуулук катары бааланат.

### МОНЕТАЛАРДЫ САТЫП АЛУУ

Коллекциялык монеталарды Улуттук банктын мекемелеринен сатып алууга болот. Коллекциялык монеталар номиналдарга ээ жана расмий төлөм каражаты болуп саналат, бирок алар менен эсептешүү пайдасыз, анткени алардын рыноктук наркы номиналдык наркынан алда канча жогору.

Кыргызстандын коллекциялык монеталары боюнча кеңири маалыматтар жана алардын баалары Улуттук банктын www.nbkr.kg официалдуу сайтында жайгаштырылган.

Коллекциялык монеталарды Улуттук банктын Борбордук жүгүртүү кассасынан жана облаcттык башкармалыктардын жүгүртүү кассаларынан жеке адамдар жана юридикалык жактар иш күндөрү **саат 9:00 дөн 15:00 гө чейин** сатып алса болот.

*Бардык кызыктырган суроолор боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Нарын облаcттык башкармалыгына кайрылсаңыздар болот. Дареги: Нарын шаары, Жамгырчы уулу Абас көчөсү, 6. Байланыш телефондор: (03522) 5-04-71, 5-04-69*